# Силер кандай болсоңор, мен дагы ошондоймун



Автор: Мира Кокоева

Которгон: Сулайман Рысбаев

Сүрөтчү: Елена Кисенкова

# Силер кандай болсоңор, мен дагы ошондоймун

Автор: Мира Кокоева
Которгон: Сулайман Рысбаев
Сүрөтчү: Елена Кисенкова

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

«Силер кандай болсоңор, мен дагы ошондоймун» (кыргыз тилинде), автор Мира Кокоева, которгон Сулайман Рысбаев, сүрөтчү Елена Кисенкова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Токтойдун четиндеги түз аянтчада дайыма айбанаттардын балдары оюнга чогулушат. Бири токойдон келишкен, кай бири кыштактан келген. Алар чогуу абдан көңүлдүү ойношот. Улак менен козу күчүн сынашат. Күчүк музоонун артынан чуркайт. Бачики коёнек менен жашынмак ойнойт. Музоо гүлдү жыттайт. Тыйын чычкандын балдары жарышып ойношот. Аларды ата-энелери үйгө чакырмай сайын ошентип, көңүлдүү ойной беришет, тоңкочук атышат…





Бир күнү алар жашынмак ойноп жатышты. Күчүк көзүн жумган, анан беркилерди издеп жүрүп, бир бадал кыймылдап калганын көрүп калды. Ал ошол жерге кимдир бирөө жашынганына ишенип, чуркап жөнөдү. Бадалдын ичинен бир чаар куйрук көрүндү да, анан кандайдыр бир чаар, белгисиз бир жаныбардын мурду көрүнө түштү.

– Аавв! – күтүүсүздөн күчүк артка кайрылды. Анын үргөнүнөн улам достору жүгүрүп келишти.

– Сен кимси-иң? – деп табышмактуу жанагы жаныбардан музоо сурады.



– Мен деле силердеймин, – деди тиги жаныбар, – Мен дагы силер менен ойногум келет. Мени өзүңөрдүн тобуңарга кошуп алгылачы?

Баары артка кетенчиктешти.

– Мен аны тааныйм, ал кашкулак, – деди бачики, – Ал токойдо жашайт. Аны менен эч ким ынтымакта бир боло албайт.

– Биз сени менен дос болбойбуз. Биз сени билбейбиз, – деди андан тетири бурулуп, бөлтүрүк.

Башкалар дагы артка бурулушту.

Тиги жаныбар капа болуп калды, Куйругун көтөрүп, уу тиштерин көрсөттү. Баары андан качып кетишти.

Жаныбарлардын балдары чогула калышты. Баягы жаныбар аларды бир карап алды да, бадалдарды аралап көрүнбөй калды.

– Мына ушул, ав, ав-в! – деп үрүп койду күчүк.

– Ал баа-аатыр! – деди улак.

– Ал бизди сактап калды, – деп шыбырады коёнек.

Баары ызы-чуу болушуп, жанагы жаныбар кеткен бадал жакты карап калышты.





Күндөр өтүп жатты. Жаныбарлардын балдары аянтта ойноп жатышты. Баягы жаңы жаныбар андан кийин пайда болгон жок эле. Достор да ал тууралуу унутуп коюшту.

Бирок бир күнү ойноп жатышып карышкыр кантип көрүнбөй келип  калганын байкабай калышыптыр. Жырткыч музоого жакын келип кол саларында, күтүүсүздөн баягы жаныбар чыга калды. Ал кашкулак болчу, куйругун көтөрүп, ырылдап уулуу тиштерин көрсөттү. Байкатпай туруп карышкырга секирди эле, карышкыр токойду көздөй качып жөнөдү.



Кийинки күнү да достор аянтчага чогулушту, бирок ойношкон жок. Баары өзүлөрүнүн куткаруучусун күтүп жатышты. Баары аны менен дос болгулары келип жатышты. Бир убакта алар тааныш баягы куйрукту көрүп калышты.

– Мына ал! – деп бирөө кыйкырып жиберди.

– Кашкулак, кел бери бизге! – деп эми жалпы кыйкырышты.

Адегенде анын баягыда көрүнгөн чаар мурду көрүндү, анын бардык денеси көрүндү. Кашкулак жай басып келип, топко кошулду.

– Биз менен ойнойсуңбу?  Шарт боюнча, сен  көзүңдү жум! – дешти да, баары жашынууга кетишти. Кашкулак кубануу менен,  аларды издөөгө жөнөдү…

Ошондон бери алар чогуу ойношот. Кээде, кашкулак  коркcондо өзүнүн жагымсыз жытын чыгарып жиберет, анда баары күлүп чар тарапка качып жөнөшөт.



АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ


Автор: Мира Кокоева
Которгон: Сулайман Рысбаев
Сүрөтчү: Елена Кисенкова



USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы


1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли